КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

08.09.2023 № 5029/1

Бишкек ш.
г. Бишкек

## "Салымбеков Университет" мекемесине билим берүү ишин жүргүзүүгө лицензия берүү жөнүндө

"Салымбеков Университет" мекемеси лицензия алууга 2023-жылдын 24-августунда каттоо № 01-9/13761 арызы менен кайрылган. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 23-июлундагы № 334 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында билим берүү ишин лицензиялоо тартиби жөнүндө убактылуу жободо көрсөтүлгөн лицензия алуу үчүн зарыл болгон документтер Министрликке тапшырылган. Комиссиянын лицензиялык текшерүү баракчасы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Лицензиялоо боюнча кеңешинин 2023-жылдын 5-сентябрындагы № 12-отурумунда каралды.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Лицензиялоо боюнча кеңешинин 2023-жылдын 5-сентябрындагы № 12-отурумунун чечимин аткаруу максатында, буйрук кылам:

1. "Салымбеков Университет" мекемесине Лицензиялоо боюнча Кеңештин 2023-жылдын 5-сентябрындагы № 12-3 протоколуна ылайык төмөнкү билим берүү программаларына лицензия берилсин (күндүзгү окуу формасы):

- Кошумча кесиптик билим берүү (медициналык билими бар курсанттар үчүн) :
  - простата безинин трансуретралдык резекциясы жана энуклеациясы 144 с.;
  - эректилдик дисфункцияны дарылоонун өркүндөтүлгөн курсу 72 с.;
  - «А» дан «Я» га чейинки перкутанттык нефролитотрипсия 108 с.;
  - лапароскопиялык хирургия. Негиздери жана өркүндөтүлүшү 72 с.;
  - кичинекей балдарды укалоонун негизги ыкмалары 288 с..;
  - таяныч-кыймыл аппаратынын оорулары үчүн укалоо жана гимнастика 144 с.;
  - дарылоо укалоосу (базалык деңгээл) 288 с.
- Кошумча билим берүү (медициналык эмес билими бар курсанттар үчүн):
  - кичинекей балдардын укалоонун базалык курсу 144 с.;

- классикалык укалоо (базалык деңгээл) 144 с.

- Жогорку окуу жайдан кийинки медициналык кесиптик билим берүү (ординатура):
  - педиатрия (окуу мөөнөтү: 2 жыл);
- Жогорку окуу жайдан кийинки медициналык кесиптик билим берүү (аспирантура):
  - 14.01.26 Жүрөк-кан тамыр хирургиясы;
  - 14.01.12 Онкология;
  - 14.03.01 Адамдын анатомиясы;
  - 14.01.08 Педиатрия.
- Жогорку окуу жайдан кийинки медициналык кесиптик билим берүү (PhD):
  - Коомдук саламаттык.

2. "Салымбеков Университет" мекемесинин жетекчилигине кабыл алынган чечим тууралуу маалымат жиберилсин.

3. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо Лицензиялоо бөлүмүнүн башчысына (А.О. Ибраев) тапшырылсын.

Негизи: Лицензиялоо боюнча Кеңешинин 2023-жылдын 5-сентябрындагы № 12-3 протоколу.

**Министрдин орун басары** **А.Ж. Рысбаева**